Жаныбекова Э.Ж., Заилова Ж.Ж.

# ОКУУЧУЛАРГА САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ УСУЛУН КОЛДОНУУНУН ЖОЛДОРУ

Жаныбекова Э.Ж., Заилова Ж.Ж.

# СПОСОБЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ИНТЕРАКТИВНОГО МЕТОДА ОБУЧЕНИЯ ДЛЯ КАЧЕСТВЕННОГО ОБРАЗОВАНИЯ СТУДЕНТОВ

Zhanybekova E., Zailova Zh.

# WAYS OF USING AN INTERACTIVE METHOD OF TEACHING IN QUALITY EDUCATION FOR STUDENTS

УДК: 371.3

Макалада башталгыч класстардагы адабий окуу сабагындагы С. Койкеловдун «Жалганчы аюу» чыгармасынын негизинде интерактивдүү сабакка мисал келтирилип, окуучулардын, мугалимдин иш-аракети кандай болору талдоого алынды. Интерактивдүү окутуу ыкмалары окуучулардын арасында коммуникациялык көндүмдөрүн, кызматташтыкты жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө да өбөлгө түзөт. Масален жеке, топтук жумуштарды аткарууда бири- бири менен мамиле түзүп, тапшырманы аткарышат. Ошондой эле окуучулардын көйгөйлөрдү чечүү көндүмдөрүн, өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Анда көбүнчө ар бир адам жигердүү салым кошо ала турган чөйрө түзүлөт, идеялары менен алмашат жана башкалар менен биргеликте чечимдерди иштеп чыгышат. Интерактивдүү сабак өтүүдө чыгармачыл жазууда “окуган чыгармага пикирди” кандай жазуу керектигине сунуштар көрсөтүлдү. Окуучуларды жупта, топтордо иштетүү, тапшырмалардын түрлөрү айтылды. Макаланы мугалимдер, студенттер пайдаланса болот.

Негизги сөздөр: интерактивдүү, окутуу, окуучулар, башталгыч класс, сабак, билим берүү, стратегия, чыгарма, пикир, ой жүгүртүү.

В статье приведен пример интерактивного занятия по произведению С. Койкелова «Жалганчы аюу» на уроке литературы в начальных классах, проанализирована деятельность учащихся и учителя. Интерактивные методы обучения также способствуют развитию коммуникативных навыков, сотрудничества и критического мышления у учащихся. Например, при выполнении индивидуальной и групповой работы они устанавливают связь друг с другом и выполняют задание. Это также способствует развитию у учащихся навыков решения проблем и независимости. Зачастую это создает среду, в которой каждый может активно вносить свой вклад, делиться идеями и сотрудничать с другими для разработки решений. В ходе интерактивного урока были представлены рекомендации, как написать «комментарий к прочитанному произведению» в творческом письме. Были упомянуты работа студентов в парах и группах, виды заданий. Статья может быть использована преподавателями и студентами.

Ключевые слова: интерактив, обучение, ученики, элементарный, урок, образование, стратегия, творчество, обратная связь, мышление.

In the article, an example of an interactive lesson based on S. Koikelov's work «Liar Bear» in the literary lesson in primary classes was given, and the activity of the students and the teacher was analyzed. Interactive teaching methods also promote the development of communication skills, cooperation and critical thinking among students. For example, when performing individual and group work, they establish a relationship with each other and complete the task. It also contributes to the development of students' problem-solving skills and independence. It often creates an environment where everyone can actively contribute, share ideas, and collaborate with others to develop solutions. During the interactive lesson, recommendations were presented on how to write a "comment on the read work" in creative writing. Working students in pairs and groups, types of tasks were mentioned. The article can be used by teachers and students.

Keywords: interactive, teaching, students, elementary, lesson, education, strategy, creativity, feedback, thinking.

Бүгүнкү күндө билим берүүдө окуучулардын, студенттердин билимин жакшыртууда окутуунун усулдары, ыкмаларын туура тандоо максатка ылайыктуу. Биз окутуунун интерактивдүү методдоруна токтолобуз.

Интерактивдүү метод болсо активдүү методдордун өркүндөтүлгөн формасы. Бул өзү интерактивдүү («Inter» – өз ара, биримдикте, «akt» аракеттенүү деген маанилерде) – «биргелешип аракет кылуу» дегенди түшүндүрөт, башкача айтканда, мугалим менен окуучу бири-бири менен биригип, бирдей аракет кылып, максатка жетүү жолун издешет. Бул деген мугалим менен окуучунун биримдигин

гана түшүндүрбөйт, мында окуучулар да бири-бири менен чыгармачылык тыгыз байланышта аракеттенишет. Мында мугалим пассивдүү байкоочунун ролун гана аткарып калбайт, ал ар бир кыймыл-аракетте өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин көрсөтүү менен бүтүндөй сабактын багытын нукка салып, интерактивдүү көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды берип, сабакты пландаштырып, айрым учурда күтүлбөгөн экспромт менен классты жаңы кырдаалга алып келет [1].

Бүгүнкү калыптанып калган көз караштан алганда, интерактивдүүлүк – бул окуучунун инсандык жөндөм-шыгына, суроо-талаптарына негизделип, билим берүүнүн натыйжалуулугун арттырууга, өркүндөтүүгө жана ичтен жаңылануууга (инновациялоого) багыттап окутууга болгон мамиле, дидактикалык иш-аракеттердин өзүнчө бир системасы. Мында кеп окуучу менен окуучунун, мугалим менен окуучунун ортосундагы аракеттүүлүк, жигердүүлүк, өз ара биргелешип жигердүү аракеттенишүүлөр тууралуу жүрүүдө. Окутуудагы интерактивдүүлүк – бул сабак процессинде окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайыма пикир алышууда болуусу, биргелешкен, демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында иреттүү белгилүү бир тыянак-корутундуларга келиши, башкача айтканда, алдыга коюлган маселени жаңы теманын материалын биргелешип чечмелөөсү. Дагы тактасак, окутуудагы интерактивдүүлүктү класстагы субъекттердин ортосунда үзгүлтүксүз жүрүп туруучу демилгелүү алака-катыш, педагогикалык процесстин жигердешүүсү катары түшүнгөнүбүз туура болот. Ал эми интерактивдүү окутуу – бул алдыга коюлган маселени, жаңы теманы окуучулардын бири-бири менен, мугалими менен тыгыз пикир алышуулары, кызматташуулары негизинде биргелешип өздөштүрүүсү [3].

Учурда окуучулар көпчүлүк убакытын уюлдук телефон менен өткөргөндөрүн байкап жүрөбүз. Мында балада баарлашуу жөндөмү төмөндөйт. Ата-энелер менен иш алып барып, телефонду максаттуу пайдаланууга багыт берүүбүз керек. Интерактивдүү окутуу ыкмалары окуучулардын арасында коммуникациялык көндүмдөрүн, кызматташтыкты жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө да өбөлгө түзөт. Масален жеке, топтук жумуштарды аткарууда бири-бири менен мамиле түзүп, тапшырманы аткарышат. Ошондой эле окуучулардын көйгөйлөрдү чечүү көндүмдөрүн, өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Анда көбүнчө ар бир адам жигердүү салым кошо ала турган чөйрө түзүлөт, идеялары менен алмашат жана башкалар менен биргеликте чечимдерди иштеп чыгышат. Бул конкреттүү материалды өздөштүрүү үчүн гана эмес, ошондой эле жашоонун ар кандай тармактарында пайдалуу боло турган жалпы көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Билим берүүдө интерактивдүү методдорду колдонуу оюндарды, талкууларды, практикалык иш-чараларды жана технологияларды колдонууну камтышы мүмкүн.

Интерактивдүү методдор – катышуучуларды активдүү тартуучу окутууга же баарлашууга болгон мамиле. Интерактивдүүлүк талкууларды, оюндарды, топтук тапшырмаларды үйрөнүүнү же маалымат алмашууну жакшыртуу үчүн активдүү өз ара аракеттенүүнүн башка формаларын көздөйт. Интерактивдүү методдор социалдык көндүмдөрдүн өнүгүшүнө көмөктөшөт, анткени алар көп учурда топтун ичиндеги өз ара аракеттенүүнү жана кызматташууну камтыйт. Бул катышуучуларга коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, башкалардын пикирин эске алууга жана командада натыйжалуу өз ара аракеттенүүгө жардам берет.

Биз башталгыч класстарда 3-класстын адабий куу сабагында С. Койкеловдун «Жалганчы аюу» чыгармасынын интерактивдүү жол менен окутууну карайбыз.

Сабактын темасы: Жалганчы аюу.

Билим берүүчүлүк: «Жалганчы аюу» чыгармасынын мазмунун талдап түшүнүшөт. Жалганчы аюунун калп айтуусу, уурулук кылуусу боюнча ой бөлүшөт.

Өнүктүрүүчүлүк: Акылсыз каармандын сыпаттарын сыпаттап, «Окуган чыгармага пикир жазуу», тест менен иштөө менен ой-жүгүртүүсү, сөз байлыгы өсөт. Өз оюн эркин айтууга көнүгөт.

Тарбия берүүчү: Бири-бирин сыйлоого, уга билүүгө, жалган сүйлөбөөгө, уурулук кылбоого тарбияланышат.

Негизги компетенттүүлүктөр:

1. Маалыматтык компетенттүүлүк.
2. Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк.
3. Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү компетенттүүлүгү.

Предметтик компетенттүүлүктөр:

1. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)
2. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)
3. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)
4. Аң-сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5)

Күтүлүүчү натыйжалар:
- Чыгарманын мазмунун түшүнсө, аюунун кемчиликтерин талдап баа бере алса;
- Чыгарманы талдай алса;
- Өз оюн далилдүү айта алса;
- Окурмандардын пикирлеринин тизмеси аркылуу тексттен алган маалыматтарды иштеп чыгууга жана мазмунун жакшыраак түшүнүүгө мумкүнчүлүк алышса;
- Башкалардын катачылыгынан сабак алып, калп айтпоого, уурулук кылбоо керек экендигин билишсе;

Сабактын тиби: Интерактивдүү окутуу.

Сабакта колдонулган усул-ыкмалар: «Окуганга чейин, окуу учурунда, окугандан кийин» стратегиясы, «окуган чыгармага пикир жазуу стратегиясы», Kahoot программасы.

Сабактын жабылышы: Сүрөттөр, слайд, маркерлер, кагаз, скотч.

Сабак аралык айланыш: музыка, математика, адеп ж.б.

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. Кызыл, сары, көк стикерлер менен, окуучулар каалаган түстү тандап, бир түстөгүлөр топторго отургула.

Ак шоола балдар хорунун «Мамалак» ырын уктуруу менен кошулуп ырдоого чакыруу (интерактивдүү доскадан ырдын тестти көрсөтүлөт).

Табышмак (жаңы теманы аныктоо үчүн өбөлгө)

Кышында чээнге кирет,
Таманын соруп жатат.
Токойдо жашайт,
Сүйгөн тамагы бал болот

Бул табышмактын жандырмагын таап, теманын аталышын тапкыла.
Чыгарманы тыным менен окуп, түшүнүп, чынжырча түрүндө окуп чыгышат.
Аюу
Сөздүк жумуш:

Даң салып–кубанышып,чаңытып,
бушайман болуу–өкүнүү
оройлонот – корстонуу.

| |
|---|
| 1-тапшырма: Окуучулар жупта окуган чыгармага пикир жазышат. Биз пикирдин болжолдуу планын түзүп берсек, бара-бара окуучулар өз алдынча пикир жазууга үйрөнөт. |
| Окуган чыгармага пикир жазуу.<br>Биз бул «Жалганчы аюу» чыгармасын окуп чыгып, аюунун мамалагынын кантты күнүнө уурдап жеп жүрүп ____________________________________________калганын жана______________________________________<br>__________________________________________________________________________________________<br>___доктур үкү келип текшергенин билдик. Байкуш эне бушайман болуп күйүп бышат. Анын чоң себеби бар<br>эле:_____________________________________________________________________________________<br>__________________________________________________________________________________________<br>Бул чыгарма жакты, себеби,<br>________________________________________________________________________<br>__________________________________________________________________________________________<br>Кызыктуу чыгарма бизге ____________________________________________________________ таасир калтырды. Чыгарманын башкы каарманы жакты, анткени ал_____________________________________________________.<br>Бул чыгармадан биз ______________________________________________________________________________<br>_________________________________________________________________________________________үйрөндүк [4]. |

Топтордо 1-топ окуянын картасын түзсө




2-топ. Доктур үкү менен Жалганчы аюуга Ввендин диаграммасын түзүшөт. Кайтарым байланыш үчүн төмөндөгү суроолорго жооп беришет:

1. Апасы балдарына эмне деп акыл айтчу экен? Эмне үчүн чоң курсак мамалак так жооп берген жок?
2. Апасы таттууну ким уурдап жүргөнүн кантип билди?
3. Мамалактын тиши ооруганынын себеби эмнеде экен?
4. Мамалак чоң аюу болгондо жаман адаттарын таштадыбы? Таап, үн чыгарып окугула.
5. Мамалактай болуп өз күнөөсүн мойнуна албай энесин капа кылуу туурабы? Өз оюңарды айтып бергиле [2].

Демек, мындай сабактар окуучуларды өз алдынча, жупта, топто бири-бири менен пикир алышып иштөөсү үчүн натыйжалуу болот деген ишенимдебиз.

Интерактивдүү методдор материалды тереңирээк түшүнүүгө көмөктөшөт, анткени окуучулардын катышуусун жогорулатат, маалыматтын эффективдүү сакталышын шарттайт. Бул ролдук оюндарды, талкууларды, кейстерди изилдөөлөрдү, топтук долбоорлорду, мисалы, билим берүүчү оюндарды түзүү, окуяларды талкуулоо же материалга тереңирээк кирүү үчүн виртуалдык чындыкты колдонуу. Бул окуучулардын активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт жана окуунун натыйжалуулугун жогорулатат.

Окуучулардын өз ара аракеттенүүсүн жана окуу процессине катышуусун илгерилетүү үчүн ролдук оюндарды, топтук долбоорлорду, интерактивдүү онлайн платформаларды колдонуу жана реалдуу убакыт режиминде кайтарым байланышты киргизүү да натыйжалуу. Андан тышкары, викториналарды жана талкууларды колдонуу менен интерактивдүү лекцияларды өткөрүү курстун материалдарын жеткиликтүү жана эсте каларлык кыла алат.

Мобилдик тиркемелер же веб-платформалар сыяктуу технологияларды колдонуу менен “үйрөнүү оюндарынын” ыкмаларын киргизүү окуучулардын кызыгуусун арттырып, натыйжалуураак билим алууга көмөктөшөт. Ошондой эле, интерактивдүү доскаларды колдонуу динамикалуу жана кызыктуу окуу чөйрөсүн түзөт.

Практикалык лабораториялар, талаа изилдөөлөрү же стажировка сыяктуу “жасап үйрөнүү” ыкмалары менен эксперимент жүргүзүү окуучуларга билимди практикада колдонууга мүмкүндүк берет. Студенттер реалдуу дүйнөдөгү көйгөйлөрдүн чечимдерин иштеп чыгуу үчүн биргелешип иштешкен көйгөйлөрдү биргелешип чечүү ыкмалары да критикалык ой жүгүртүүгө жана командада иштөөгө көмөктөшүп, натыйжалуу болушу мүмкүн.

Окуучулардын билим деңгээлине жана керектөөлөрүнө жараша окуу материалын жекелештирүүчү адаптивдик технологияларды колдонуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат. Интерактивдүү ыкмалар окуучулар арасында көндүмдөрдү, кызматташтыкты жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Интерактивдүү окутуу ыкмалары көбүнчө маалыматтын жакшыраак сакталышын шарттайт, анткени алар ар кандай иш-аракеттердин түрлөрү аркылуу мээнин ар кайсы бөлүктөрүн тартат. Маселен, визуалдык көнүгүүлөрдү, практикалык көнүгүүлөрдү жана талкууларды колдонуу окуу процессинде тереңирээк байланыштарды түзө алат.

Интерактивдүү методдор ошондой эле маалымат боюнча жеке ой жүгүртүүнү стимулдай алат, анткени алар катышуучуларга үйрөнгөндөрүн иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Бул фактыларды өздөштүрүү үчүн гана эмес, ошондой эле реалдуу кырдаалдарда колдонула турган практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Интерактивдүү окутуу методдору ийкемдүү жана ийкемдүү ой жүгүртүүгө өбөлгө түзөт, анткени алар көп учурда ар кандай маселелерди чечүүнү жана ар кандай көз караштарга дуушар болууну

камтыйт. Бул катышуучуларга жаңы кырдаалдарга көнүү жана өзгөргөн чөйрөдө тез чечим кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Интерактивдүү методдор ар бир катышуучу өзүн маанилүү сезген инклюзивдик билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жардам берет. Бул катышуучулар өздөрүнүн ой-пикирлери жана салымдары окуу процессинде маанилүү экенин түшүнгөндүктөн, мотивацияны жана окууга катышууну жогорулатат.

Интерактивдүү окутуу ыкмалары креативдүү ой жүгүртүүгө өбөлгө түзө алат, анткени алар көбүнчө типтүү эмес маселелерди чечүүнү камтыйт, жаңы идеялардын жаралышына түрткү берет жана көйгөйлөрдү чечүүдө инновациялык ыкмаларды стимулдайт.

Интерактивдүү окуу ыкмалар чыгармачылыктуу ой жүгүртүүгө өбөлгө түзө алат, анткени алар көбүнчө типтүү эмес маселелерди чечүүнү камтыйт, жаңы идеялардын жаралышына түрткү алат жана көйгөйлөрдү инновация менен чечет.

Интерактивдүү окутуу ыкмалары билимди турмуштук сценарийлерде колдонууну көрсөтүү аркылуу мотивацияны күчөтөт. Катышуучулар үйрөнгөндөрүн түздөн-түз колдоно ала турган жагдайларды түзүү окуу материалынын практикада колдонулушуна кызыгууну жана түшүнүүнү сактай алат.

Адабияттар:


1. Муратов А., Акматов К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары. Бишкек, 2023.
2. Абдухамидова Б.А., Рыспаев С.К., Ибраимова К. Адабий окуу, 3-класс. Бишкек, 2014.
3. Кыргыз окутуунун методикасы. Окуу китеби. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин методист- окутуучулары, студенттери, магистранттары, мектептердеги кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн. – Б.: Айат, 2020. - 560 бет.
4. 5-модуль. Башталгыч мектептеги күн сайын жазуу, Окуу керемет. Бишкек, 2014.